Каралды
Педагогикалык кеңеш алдында
Протокол № 4
"26" 02 2021-жыл

Бекитемин
Мектеп директору:
Сарытаева Д.Т.
"26" 02 2021-жыл

# Кызыл-Кыя шаарынын Токтогул атындагы №6 орто мектебинин окуучуларды мектеп ичиндеги профилактикалык каттоого коюу жөнүндөгү Жобосу

**Окуучуларды мектеп ичиндеги каттоого коюунун максаты**

Окутуучулардын көзөмөлүндө турган топтордун балдарын эрте диагностикалоо жана өз убагында социалдык- педагогикалык жардам көрсөтүү.

Окуучуларды мектеп ичиндеги учётко коюнун милдеттери:

- Тарбиялык иштерин активдештирүү, өспүрүмдөр менен иштөө, аларга социалдык-педагогикалык жардам көрсөтүү.
- Керектүү адистерди, адистештирилген мекемелерди. Борборлорду, реаблитациялык иштерди уюштуруу.
- Профилактикага багытталган программаларды, методдорду иштеп чыгуу жана ишке ашыруу ошондой эле жүрүм-турумдун бузулушун оңдоо.

**Мектеп ичиндеги каттоонун тартиби:**

1. Төмөнкү окуучулар мектеп ичинде каттоого алынууга тийиш:
   - Мектептин уставын бир нече жолу бузгандыгы үчүн белгиленген;
   - Эрежелерди системалуу түрдө бузган окуучулар үчүн ( сабактарды жүйөлүү себепсиз калтыруу, ден-соолукка зыян келтирүүчү заттарды колдонуу, сабактарды үзгүлтүккө учуратуу, бейбаштык кылуу ж.б.у.с.)
2. Окуучуларды учётко алуу мектептин алдын алуу кеңешинин чечими менен жүргүзүлөт.
3. Окуучуну каттоодо класс жетекчиси ага мүнөздөмө ( схема боюнча), аткарган кесиптик иши жөнүндө маалымат берет жана окуу жылынын ичинде профилактикалык кеңештин жыйналышында аткарылган иштер жөнүндө отчёт берет.
4. Окуучуну мектептик ички каттоодо адмнистрация, класс жетекчиси , мектептин социалдык-психологиялык кызматы менен биргеликте окуучунун үй-бүлөсүн изилдейт жана аны менен жетекчи иштерди уюштурат.
5. Өспүрүмдөргө социалдык-психологиялык жана педагогикалык жардам көрсөтүү жана колдоо алынганда, педагогикалык жамааттын ичинен насаатчы шайланат.
6. Насатчы окуучу мектеп ичиндеги каттоодон чыгарылган учурга чейин насаатчынын иш планын( үлгү боюнча) жүргүзөт.

**Окуучу менен иштөөнү уюштуруу**

- Бул окуучулар менен иш алып барууда алардын туура эмес жашоо образын болтурбоо, туура эмес жүрүм-турум жана билим берүү чөйрөсүн өзгөртүү максатында жашы жете электерге социалдык жана башка жардам көрсөтүү үчүн зарыл болгон мөөнөттө же кароосуз калган, үй-жайсыз, жашы жетпегендердин укук бузуулары же коомго каршы аракеттери жоюлат.
- Керек болсо алар менен иштөөгө шаардын башка мекемелеринин адистери тартылат.

**Мектептин ичиндеги каттоодон чыгаруунун негиздери**

Окуучулардын каттоодон чыгаруу алардын окуусунда, жүрүм-турумунда жана башкалар менен болгон мамилесинде туруктуу ( алты айдан бир жылга чейин) оң тенденциялар болгондо жүргүзүлөт .

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫ**
**ТОКТОГУЛ атындагы**
**№ 6 орто мектеби**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ГОРОД КЫЗЫЛ-КЫЯ**
**сш №6 им.ТОКТОГУЛА**

**№ 45 буйруктан көчүрмө**

26.02.2021-жыл

Кызыл- Кыя шаары Токтогул атындагы
№6 орто мектеби

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин окуучуларды мектеп ичиндеги профилактикалык каттого коюу жобосу жөнүндө**

Токтогул атындагы №6 орто мектебинин кезексиз педагогикалык кеңешинин 2021-жылдын 26 - февралындагы №4 протоколунун 2- чечиминин негизинде **буйрук кыламын:**

1. Мектептин окуучуларды мектеп ичиндеги профилактикалык каттого коюу жөнүндөгү жобосу кабыл алынсын.
2. Мектепте окуучуларды мектеп ичиндеги профилактикалык каттого коюу иштери ушул жобонун негизинде жүргүзүлсүн.
3. Буйруктун аткарылыша жооптуу болуп мектептин социалдык педагогу Атаханова Ш.Б. дайындалсын.

Мектеп директору: Сарытаева Д.Т.